**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КУСЕЙИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.20.616 диссертациялык кеңеши**

***Кол жазма укугунда***
***УДК: 894.341: 82-991 (043.3)***

**ТОКТОМАМЕТОВА ЖАЗГҮЛ АСЫЛБЕКОВНА**

# АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВДИН ЭССЕИСТИКАСЫНЫН БААЛУУЛУКТУК МАЗМУНУ

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2021**

Диссертациялык иш Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Жантаев Адилбек Сүйүндүкович,** филология илимдеринин доктору, доцент, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору

**Расмий оппоненттер:** **Кадырманбетова Айнура Күмөновна,** филология илимдеринин доктору, доцент, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун Адабият бөлүмүнүн жетектөөчү илимий кызматкери

**Медетов Аскар,** филологияилимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Манастаануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме**: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Кол мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы**,**дареги: 722200 Кыргыз Республикасы, Каракол ш. Абдрахманов көчөсү, 103

Диссертация 2021-жылдын 29-январында саат 15.00дө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.10.20.616 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот, дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борборлоштурулган илимий китепканасынан (720071,Бишкек ш.,Чүй просп., 265а), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин китепканасынан (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547), К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканасынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматов просп., 27) жана диссертациялык кеңештин www.sovet.aytmatov.tk сайтынан таанышууга болот. Онлайн коду: 647-681-3246.

Автореферат 2020-жылдын «29» декабрында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештинокумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** XX кылымдын аягында көркөм чыгармачылык ишмердүүлүккө аралашып, «Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001) деген роман-эсселерин окурмандар журтуна тартуулаган калемгер Абдулхай Алдашевдин эссеистикасы азырынча тийиштүү адабий-сынчыл жана илимий-теориялык аңдоодон өткөрүлө элек. Дегеле А. Алдашевдин чыгармачылыгына кайрылып, илимий эмгек жазгандардын катары сейрек. Ал тууралуу буга чейинки эмгектер белгилүүжазуучу, котормочу, окумуштуу, педагогдун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн эссеисттик багыты тууралуу толук талдоолор деп айтууга негиз жок.Абдулхай Алдашевдин эссе жанрындагы ишмердүүлүгүнүн кыргыз адабиятындагы ордун, анын тематикасын, проблематикасын, баалуулуктук мазмунун алгачкылардан болуп комплекстүү илимий талдоого алган бул эмгек учур үчүн актуалдуу маселеге арналган. Иштин актуалдуулугу да ушунда.Бүгүн А. Алдашевдин роман-эсселерин жаңыча баалоо мезгили келди, бул алардын баалуулуктук мазмунун ачуусуз мүмкүн эмес. Жазуучу А. Алдашев өзүнүн роман-эсселерин жашы улгайып, турмуштук тажрыйбасы артып, акыл-эси толуп турган убагында жарыялаган. Бул анын эссеистикасына жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтыган чыгармачылык өнөркана катары мамиле кылууга мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, адабият теориясында документалдык-публицистикалык жанрларга көңүл бурула баштаганына байланыштуу эссе жанрынын теориясы жигердүү иштелүүдө. Бул жанр кыргыз адабиятына орус адабиятынан, ал эми орус адабиятына өз кезегинде дүйнөлүк адабияттан оошуп кирген. Ушунун өзү эссеистиканын тамыры тереңде экенин, анын түптөлүүсүнө, өнүгүүсүнө жана изилденүүсүнө олуттуу илимий изилдөө жасоо зарылдыгын айгинелеп турат. Бул жагынан алсак, биздин эмгек эссе жанрынын теориясын тереңдетүүгө да аздыр-көптүр салым болот.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жатышкан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Аталган изилдөө С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий-изилдөөчүлүк планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты –** Абдулхай Алдашевдин «Казат селинде», «Жертөлөдө өткөн күн», «Өх, бүттүкпү» документалдуу трилогиясынын баалуулуктук мазмунун комплекстүү талдоого алуу болуп саналат. Калемгердин эссеистикалык маанайдагы романдарын адабий талдоого алуу менен биз анын романдарынын баалуулуктук мазмунун айкындай алабыз.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Диссертацияда коюлган максаттан чыгып, автор тарабынан төмөнкүдөй **милдеттер** чечилет:

1. Адабият таануудагы эссе жанрынын изилденүү абалына сереп жасоо;
2. “Эссе”, “эссеистика”, “эссеизация”, “эссеизм”, “роман-эссе” түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берүү;
3. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасына арналган изилдөөлөргө сереп жасоо;

4. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө зарылдыгын аныктоо;

5. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо;

6. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясын сыпаттоо;

7. Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинин баалуулуктук мазмунун ачуу;

8. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын талдоонун негизинде изилдөөнүн жаңы багыттары тууралуу практикалык сунуштарды берүү.

**Изилдөөнүн объектиси.**Диссертациянын негизги объектисинкыргыздын белгилүү жазуучусу Абдулхай Алдашевдин калеминен жаралган роман-эсселердин – «Жертөлөдө ой толгоонун», «Казат селинденин», «Өх, бүттүкпүнүн» – тексттери түзүшөт.

**Изилдөөнүн предмети.** Диссертациянын негизги предметин көрүнүктүү жазуучубуз Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде чагылтылган, ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар түзөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Иштин жаңычылдыгыАбдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунунун алгач ирет изилденип жатышынан көрүнөт.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул диссертациянын илимий тыянактары, корутундулары жалпы эле кыргыз профессионал жазма адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыктарын, алар жараткан көркөм-адабий туундуларды баалуулуктук аспектте талдоо боюнча мындан кийин жүргүзүлүүчү илимий изилдөөлөргө теориялык негиз, таяныч болуп бере алат. Бул изилдөө бир жагынан кыргыз адабиятындагы эссе жанрынын теориясын иштеп чыгууга, экинчи жагынан – конкреттүү автордун – Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын өзгөчөлүктөрүн ачууга көмөктөшөт. Анын материалдары XX кылымдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы эссе жанрынын тагдыры тууралуу келечектеги илимий талаштарда аргумент болуп кызмат өтөй алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Диссертациянын материалдары кыргыз адабият таануусу боюнча илимий иштерде жана окуу курстарында, XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча атайын курста колдонулат. Ошондой эле ЖОЖдордо Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык өнөрканасын, айталы, роман-эсселерин тереңдетип окутуп-үйрөтүү процессинде пайдаланылат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу басылмаларын, окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Абдулхай Алдашевдин согуш темасындагы романдары эссе жанрдык формасына кирет. Муну алардын документалдуу-публицистикалуу, философиялуу, руханий-адептик мүнөзү аныктап турат.

2. Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде жалпы адамзаттык маанилүү баалуулуктарга карата автордук ой толгоолор, идеялар, көз караштар камтылган. Алар автордун көп жылдык турмуштук тажрыйбасынан агылып чыккан.

3. Абдулхай Алдашевдин эссеист катары өзүнө таандык чыгармачылык манерасы жана этикалык-эстетикалык көз караштары бар.

4. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын талдоо бизге кыргыз адабият таануусунда эссе жанрдык формасындагы башка чыгармаларды да иликтөө үчүн чыйыр салып берет.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоого алуу, жуурулуштуруу аркылуу жетишилген илимий корутундулар изденүүчүнүн жекече салымы болуп саналат. Мындан тышкары, диссертант жеке өзү А. Алдашевдин эссеистикасынын кыргыз адабият таануусунда изилденишине сереп жасаган; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө зарылдыгын аныктаган; анын эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин жана предметин, методологиясынтуура аныктай алган; изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжаларын сыпаттаган; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжаларын сыпаттап берген;А. Алдашевдин эссеистикасын талдоонун негизинде кыргыз профессионал жазма адабиятындагы эсе жанрын изилдөөнүн жаңы багыттары тууралуу практикалык сунуштарды берген.

**Диссертациянын натыйжаларынынапробациясы**.Изилдөөнүнжыйынтыктары республикалык жана эл аралыкилимий конференцияларда баяндалган.

**Илимий иштин жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Илимий иш боюнча Кыргызстандын илимий журналдарында 3 макала, ал эми РИНЦ системасындагы илимий журналдарда 4 макала, эл аралык конференцияларда окулган илимий баяндамалар 3 макала болуп жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү** киришүүдөн, үч баптан, тогуз параграфтан, баптар боюнча кыскача корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин негизги бөлүгүнүн көлөмү – 150 (жүз элүү) бетти, адабияттардын тизмеси менен тиркемелер кошулгандагы жалпы көлөмү – 172 (жүз жетимиш эки) бетти түзөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери илимий жаңылыгы, илимий-теориялык, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн илимге кошкон салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

**«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери»**деп аталган биринчи бапта иликтенип жаткан проблема боюнча адабияттарга сереп жасалат. Бул бап төрт параграфтан турат.

**1.1. «Эссе жанрынын илимде изилдениши жөнүндө»** деген биринчи параграфтаэссе жанрын изилдөө маселелери каралат. Эссе жанрынын теориясынын түзүлүүсү XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулар В. И. Березкинанын «Формирования и пути развития жанра эссе в английской литературе XVII века» (1984), Н. И. Бушманованын «Литературная эссеистика Вирджинии Вульф» (1989), Е. П. Зыкованын «Опыты М.Монтеня и проблемы зарождения жанра эссе» (1983) ж.б. жана чет элдик окумуштуулар Т. Адорнонун «Эссе байыркы жанр» (1984), Г. Гуддун «Өзүн өзү байкоо» (1988), Д. Друэринин «Эссенин варианттары» (1968) ж.б. эмгектеринде түптөлө баштаган.

Кийинки мезгилдеги А. А. Алексеев «Литературно-критическая эссеистика Ю. И. Айхенвальда «Силуэты русских писателей» (2000), Н. А. Аничкина «Индивидуально-стилистические особенности эссе Дж. Оруэлла и проблема их сохранения при переводе на русский язык» (2002), С. А. Гарушьян «Эссеистика Джона Фаулз» (2012), А. Л. Дмитровский «Эссе как жанр публицистики» (2003), К. В. Загороднева «Жанр эссе об искусстве в английской литературе второй половины XIX века» (2010), Славянская «Реализация функции воздействия в тексте эссе» (2009) ж.б. авторлордун кандидаттык, докторлук диссертацияларында эссе теориясынын жалпы жоболору ар башка улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонулган. Бул эссе теориясынын андан ары тереңдөөсүнө түрткү берген.

Советтик мезгилде көркөм-адабий процессте калемгерлер эссе жанрынажеткиликтүү көңүл бурушчу эмес, ошого жараша советтик адабият таанууда эссенин теориясы да анчалык жеткилең иштелип чыккан эмес.

**1.2. «Эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе: маселенин теориялык аспектиси»** деген аталышта берилип, теориялык мүнөздөгү маселелер камтылат.Азыр эссе жанры дүйнөлүк адабий-көркөмдүк ишмердүүлүктө маанилүү орун ээлеп калды. Эссеге төмөнкүдөй белгилер мүнөздүү: а) маданияттын эң маанилүү түшүнүктөрүн аңдаштырууга багытталгандык; б) кептин негизги кызматтык-маанилик тиби катары ой жүгүртүү менен сыпаттоону колдонуу; в) сюжеттик, окуялык-мезгилдик сызыктын баяндалган көз караашты жүйөөлөштүрүү жана шөкөттөө үчүн гана катышуусу; г) тилдик каражаттарды жана материалды берүү стилин автордун жекече тандоосу.

Эссе жанрынын пайда болуусуна жана өнүгүүсүнө түрткү болгон эки башат бар: 1) Сэй Сёнагондун «Төшөк башындагы жазмалар» (X к.)[**Горегляд, В. Н.** Дневники и эссе в японской литературе X-XIII вв.– М.*:* Наука, ГРВЛ, *1975.* – 386 с.]**,** Камо Тэмэйдин «Үжүрөдөгү жазмалар» (XIII к.), Еси Кэнконун «Эс алуу саатары» (XV к.) [**Дмитровский, А. Л.** Жанр эссе: очерк теории жанра. – Орел: Полиграфическая фирма "Картуш", 2006. – 130 с.] ж.б. эмгектер кирген – чыгыш башаты; 2) Мишель Монтендин «Тажрыйбалары» (1580-ж.) жана анын жолун жолдоочулардын [**Литературный**

**энциклопедический словарь**. – М.: Советская энциклопедия, 1987. – 752 с.] эсселери кирген – батыш башаты.

Эссенин өз алдынча жанр катары калыптануусу XVI кылымда М. Монтендин «Тажрыйбалар» аттуу белгилүү эмгегинен башталып, XIX кылымда эссе канонунун өзүнүн жаралуусуна, анын улуттук варианттарынын пайда болуусуна, анан аны турмушка ашыруунун туруктуу моделдеринин [**Литературный энциклопедический словарь**. – М.: Советская энциклопедия, 1987. – 752 с.] калыптануусуна алып келген.

XX кылымда көркөм чыгармачылыкта эссеистикалык манера кеңири кулач жайган да, философиялык, адабият таануучулук, публицистикалык, прозалык эсселердин катары калыңдаган. Алсак, аңгеме-эсселер, повесть-эсселер, роман-эсселер ж.б. пайда болгон.

Кыргыз адабият таануусунда эссе жанрынын теориясы анчалык жакшы иликтене элек, кыргыз профессионал адабиятындагы эссенин мүнөздүү касиет-сапаттарына ээ болгон көркөм-адабий туундулар так аныктала, алардын эссеисттик мүнөзү ачылып изилдене элек.

Бүгүнкү күндө адабият таануу илиминде эссенин негизги беш модели белгилүү, алар публицистикалык, көркөм, илимий-популярдуу, академиялык жана расмий-иштиктүү эсселер болуп саналат[**Бузальская, Е. В.** Эссе: к истории становления жанра // Мир русского слова, №2, 2015. С.36-41].Эссенин акыркы эки моделин бул жанрга формасы боюнча гана киргизишет.

Эссе жанры XX кылымда абдан белгилүү, актуалдуу, заманбап жанрга айланган. Эссеизм адабий форманын чектеринен кыйла алыс чыккан.

Азырынча эссенин бирдиктүү аныктамасы жарала элек, изилдөөчүлөр эссе терминине бир жактуу аныктама беришпейт, илимде анын ондогон дефинициялары белгилүү. Салттуу классификацияга ылайык, эссе сыпаттоочу, баяндоочу, рефлексиялуу, көркөм-сынчыл жана адабий-сынчыл, талдоочулук, философиялык ж.б.у.с. [**Чудинова, Ю. В.** Жанр «эссе» в современном литературоведении// Гуманитарные исследовния, 2010, №4 (36). С. 267-274].болуп бөлүнөт.

Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн (Е.В. Бузальская, А.Л. Дмитровский,А.К. Жолковский, Л.Г. Кайда ж.б.) пикири боюнча эссени эки чоң категорияга бөлүштүрүү туура болот: а) субъективдүү (жекече) эссе, мында негизги элемент автордун тигил же бул кырын ачуу болуп саналат жана б) объективдүү (олуттуу) эссе, анын негизги предмети сыпаттоо же идея болуп чыгат.

Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча эссе – XXI кылымдын лидер-жанры, ал жазуучуга өз аң-сезиминин парадокстуулугун жана өз калеминин курчтугун көрсөтүү мүмкүндүгүн берет. Бул кырдаал эссенин жанрдык бөтөнчөлүгү жана ал аткарган кызматтардын кеңирилиги менен түшүндүрүлөт, алар жанрдык таандыктыгы айкын билинбеген каалаган чыгарманы ушул жанрга киргизүүгө жол берет.

Эссеистика, эссеизация жана эссеизм маселелерин К. Зацепин, Т. Лямзина, Г. Немец, М. Эпштейн ж.б. ар тараптуу изилдешкен [**Зацепин, К. А.** Жанровая форма эссе в параметрах художественного // Вестник СамГУ. – 2005.

– № 1 (35).; **Лямзина, Т. Ю.** Жанр эссе (к проблеме формирования теории) [Электронный ресурс] / Режим доступа: http://www.Psujorn.narod.ru/lib/sci_p.htm; **Немец, Г. Н.** Эссеизация дискурса как коммуникативный процесс // Известия Сочинского государственного университета. 2013. № 4-2 (28). С.200-203; **Эпштейн, М. Н.** Законы свободного жанра: эссеистика и эссеизм в культуре Нового времени// Вопросы литературы, 1987. – № 7. – С. 120 – 152.].Эгерде эссени көркөм чыгармачылыктын жанры катары карасак, анда эссеистика – турмуш чындыгын чыгармачыл таанып билүүнүн усулу. Эгер биринчиси турмуштук материалды уюштуруунун формасы болсо, анда экинчиси – бир жагынан, анын негизинде реалдуу турмуш чындыгынын мазмуну өздөштүрүлүүчү, башка жагынан, көркөм чыгарманын мазмундук бүтүндүгү түзүлүүчү чыгармачылык принциптер болуп калат.

Эссеизация болсо ар кандай эле чыгармачылык ишмердүүлүктөгү кубулуш катары каралат. Чыгармачыл ишмердүүлүктө көркөм дагы, көркөм эмес дагы, түрдүү жанрлардагы ар кыл тексттер эссеизацияга дуушарлантылат. Натыйжада жанрдык чектер жуулуп, тексттин типологиялык өзгөчөлүктөрү жоюлуп, эсселешүү келип чыгат[**Иванов, О. Б.** Эссе в европейской философии и художественной культуре:Дис. …канд.филос. наук. – Ростов-на-Дону, 2004. – 129 с].

Эссеизм тууралсында айтсак, ал көркөм чыгармачылык процессинин жанрдык белгиси катары каралат. Эссеизмге бардыгын автордун көз карашынан түшүндүрүү, окурман менен түз баарлашууга кирүү, көркөм образды универсалдаштыруу, аны өзгөчө көркөм жалпылоого чейин жеткирүү да мүнөздүү.

XX кылымда романдын жаңы формалары бири бирин алмаштырып турган. Романдын көркөм дүйнөсүнө эссе ургаалдуу кирип, ага кубаттуу таасир кылган. Аны менен бирге, адабият таануда роман-эссе, же романдык эссеистика деген түшүнүктөр да орун алган. Натыйжада роман жанрынын эссеизациясы келип чыккан.Булкубулушту Г. Бегмуратова, А. Дорохова, В. Пестерев ж.б. изилдешкен [**Бегмуратова, Г. А.** Некоторые вопросы фольклорных традиций в романе-эссе Т. Каипбергенова «Письма на тот свет, дедушке»// Вестник Челябинского государственного университета. 2012. № 28 (282). Филология. Искусствоведение. Вып. 70. С. 26–29; **Дорохова, А. С.**Эссеистические традиции М. Монтеня в романе П. Мерсье «Ночной поезд на Лиссабон»// Научное мнение, №9, 2013. С. 23-28; **Пестерев, В. А.** Модификации романной формы в прозе Запада второй поливины XX столетия. – Волгоград: Издательство ВолГУ, 1999. – 312 с.].

Роман-эссе –бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш. Бир катар изилдөөчүлөр роман-эссени көркөм-документалдуу прозага кийиришет.Ал эми көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөт. Роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр болуп саналат.

**1.3. «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине кыскача сереп»** деп аталып, А. Алдашевдин эссеистикасынын изилдениши сөзгө алынат. XX кылымдын аягында – XXI кылымдын башында мурда окумуштуу, педагог, котормочу катары элге таанымал болгон инсан Абдулхай Алдашевдин «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү» деген үчилтик романдары жарык көргөн.

Залкар окумуштуу Кеңешбек Асаналиев А. Алдашевдин үчилтик романдарына роман-эссе аныктамасын ыйгарган[**Асаналиев, К.**Роман-эссенин жаралышы// Кыргызстан маданияты. – 2002. – август].

Анын бул аныктамасы изилдөөчүлөргө аталган романдарды эссеистиканын үлгүсү катары карап изилдөөгө толук шарт түзөт.

Азырынча А. Алдашевдин тарыхый-саясий, философиялык-руханий мааниси чоң үчилтигин илимий негизде изилдөө иши тийиштүү деңгээлде жүргүзүлбөй турат. Автордун аталган романдар топтомунун эссеисттик мүнөзүн ачуу таптакыр колго алына элек, негиздүү жана логикалуу теориялык жана практикалык аңдоодон өткөрүлө элек. Мына ушул татаал ишти жүзөгө ашырууда биздин изилдөөбүз аздыр-көптүр салым болот деп ишенебиз.

**1.4. «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө жөнүндө»,** мында калемгердин эссеистикасын аксиологиялык аспекттен изилдөө жөнүндө кеп болот. Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, изилдөө негизги кейипкер капитан Байсаловдун аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой жоруулары, акылынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Бул биз изилдөө объектисине айланткан роман-эсселер өз тулкусунда чоң баалуулуктук дараметти катып жатышканын күбөлөндүрөт.

А. Алдашев өз роман-эсселеринде өздүк рефлексияны да, интерпретацияны да, проблематизацияны да колдонгонун көрө алабыз. Ал башкалардын тажрыйбасына (З. М. Дорфмандын айтып бергендерин) кайрылып, өздүк аңдаштыруу (рефлексия) жасайт, анан аны түшүндүрүп чечмелейт (интерпретация), мындан соң турмуштук процесстерге карата жеке субъективдүү ойлорун, инновациялык тажрыйбасын билдирет (проблематизация). Роман-эсселерде автор өздүк баалуулуктар тутумун, жашоодо кандай баалуулуктарды артык көрөрүн окурманга ачып берет. Демек, анын үчилтик роман-эсселерин баалуулуктук аспекттен изилдөөнүн негиздүүлүгү күмөн жаратпайт.

**Жыйынтык.** Эссе жанрынын теориясы XX кылымдын 70-80-90-жылдарында түптөлүп, азыр кыйла жогору деңгээлде өнүгүүгө жетишти. Бүгүнкү күндө эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрү дүйнөлүк адабият таануунун арсеналына кадыресе сиңип, изилдөөлөрдө күрдөөлдүү колдонула баштады. Бирок Кыргызстанда кыргыз адабиятындагы эссеисттик тажрыйбаларды изилдөө жакшы колго алына элек. Биз кайрылган автордун – А. Алдашевдин эссеисттик мазмундагы романдары да олуттуу изилдөөнүн объектисине айлантыла элек. Биз аталган калемгердин үчилтик

роман-эсселерин баалуулуктук аспекттен изилдөө илимий жактан негиздүү экенин белгилейбиз.

**«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы»** деп аталган **экинчи бап** диссертациянын объектисин жана предметин, материалдарын, усулдарын, методологиясын сыпаттоого багышталат. Бул бап үч параграфтан турат.

**2.1. «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектиси жана предмети»,** бул параграфта аталган калемгердин роман-эсселерин изилдөөнүн объектиси менен предмети, илимий проблемасы менен тематикасы ж.б. сөзгө алынат.

Абдулхай Алдашевдин роман-эсселерин талдоодо автордук сыпаттоолорго, баяндоолорго, чегинүүлөргө, ой жорууларга айрыкча кенен орун бөлөт. Ошол себептен анын үчилтиги нукура эссеисттик маанайга ээ болуп, эссеисттик мүнөз күтөт. Автордук ой жоруулардын көбү бизге согуштун ырайымсыз бейнесин даана кылып көрсөтөт. Алсак, автор кандуу кармашта каза тапкан жоокерлер туурасында төмөнкүчө ой жүгүртөт: «Тээтиги, машинелерге, чаналарга отундай жүктөлүп, арт жакка ташылып бараткан зыңкыйган өлүктөр тирүү кезинде кишилер эмес беле?.. Баары эле колдорунда куралы менен баскынчы-душмандарга каршы аянбай айбат кылышпады беле!.. Булардын арасында мен тааныган полктош офицерлер, солдаттар да бар. Бул байкуштардын кыйласы менен жеке маектешип, сыр айтышкандарым да болгон. Көбүнүн самаганы «фашисттерден куруган элибизди куткарып, мекенибизди бошотуп, душманды чыккан жерине чейин кууп, чээнинде талкалап, адамзатты «фашизм» деген тумоодон арылтып, эл-журтуна абийир менен аман кайтуу» эмес беле!..» [**Алдашев, А.** Жер төлөдө ой толгоо. – Б., 1997. – 29-30-бб.]. Мындан биз кандуу согуш эч кимди аябасын, тирүүнүн өлүүгө айланышы эң оңой иш экенин, адам үчүн эң башкысы, казат убагында *абийирди* сактоо боло турганын түшүнөбүз. Ошентип, автордун ой жоруулары дээрлик баалуулуктук багытта жүргүзүлөт. Алардан *өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, ак-кара, акыйкаттык-жалган* өңдүү жалпы адамзаттык дөөлөттүк дихотомияларга берилген таасын бааларды таба алабыз.

Роман-эсселердин *идеялык багытталышы* адам баласынын жер бетиндеги согушсуз, тынч турмуш-тиричилиги жаатындагы гуманисттик ойлорду жайылтууга негизделет, *эмоциялык пафосу* болсо анда эл башына түшкөн алааматка байланыштуу трагизм, драматизм, психологизм кеңири орун алганы, ошондой эле кыргын согуш өртүн өчүрүү, баскынчылардын үстүнөн жеңишке жетишүү максатындагы жалпы элдик героикага басым жасалганы менен өзгөчөлөнүп турат.

Роман-эсселердин *башкы кейипкери*, окуялардын негизги баяндоочусу – капитан Байсалов, 33-Армиянын курамындагы 538-минометтор полкунун ветеринария тармагынын начальниги, үчүнчү роман-эсседе анын аскердик наамы көтөрүлүп, майор болот. Байсалов ар кыл окуяларга, көрүнүштөргө, турмуштук жагдайларга карата акыл калчап ой жүгүртө билген, жеринен зээндүү, зирек, сергек инсан.

Роман-эсселерде көптөгөн кейипкерлер бар. Алсак, «Жертөлөдө ой толгоо» роман-эссесинде башкы жана эпизоддук кейипкерлерди кошо эсептегенде образдар тутумуна 56 (элүү алты) кейипкерди киргизүүгө болот, ал эми, «Казат селинде» роман-эссесинде каармандар тутумуна кирди-чыктысын кошо санаганда 57 (элүү жети) кейипкерди кошо алабыз, үчүнчү китепте, «Өх, бүттүкпү» роман-эссесинде каармандар тутумуна 60 (алтымыш) жеке өзгөчөлүккө ээ кейипкерлер камтылат.

Үчилтик роман-эсселерде кыял-жоругу, кулк-мүнөзү, касиет-сапаты бири бирине түк окшобогон нечендеген кейипкерлер бар. Мына ошолордун карама-каршылыктуу жорук-жосундары роман-эсселерде кишинин адамдык сапатын ачып берүү кызматын эң сонун өтөп турат. Ар түркүн мүнөздөгү адамдардын көркөм элесин тартуу менен катар, автор алардын жоруктарына карата өз ой толгоосун да кеңири билдирет.

А. Алдашевдин жекече чыгармачылык ишмердигиндеги үчилтиктин ордунакелсек, роман-эсселер авторго чыныгы калемгерлик ийгилик алып келген. 2002-жылы биз талдоого алып жаткан роман-эсселери үчүн автор Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгына арзыган. Бул анын кыргыз адабиятынын белсемдүү өкүлү катары жалпы окурман журтуна, анын ичинде окумуштуу-адабиятчыларга таанылуусу болгон**.**

Үчилтиктин *кыргыз адабиятынын өнүгүү тарыхындагы орду*, биринчиден, роман-эсселер кыргыз романистикасындагы эссеистикалык жанрдын өнүгүүсүн айкындаганы (К. Асаналиев), экинчиден, кыргыз согуш прозасындагы саясий роман багытынын түптөлүүсүн көрсөткөнү (Б. Шамшиев), үчүнчүдөн, кыргыз романистикасындагы согуш темасындагы көркөм-адабий туундулардын мазмунунда философиялык-этикалык, руханий-баалуулуктук ой жүгүртүүнүн деңгээли жогорулаганы (биздин тыянак – Ж. Т.) менен аныкталат.

**2.2. «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясы»,** мында диссертациянын методологиясы каралат. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык базасынокумуштуулар-изилдөөчүлөр А. А. Алексеев, Н. А. Аничкина, В. И. Березкина, Н. И. Бушманова, С. А. Гарушьян, П. А. Горпиняк ж.б. орус окумуштууларынын, ошондой эле чет элдик окумуштуулар Т. Адорнонун, Г. Гуддун, Д. Друэринин, К. Де Обалдианын, Т. Шевальенинэссе теориясына багышталган, эссе, эссеизация, эссеизм, эссеистика маселелери ар тараптуу каралып-талданган илимий эмгектери, мындан тышкары кыргыз окумуштуулары К. Асаналиев, А. Бешкемпирова, М. Жумаев, О. Ибраимов, Б. Шамшиевдердин Абдулхай Алдашевдинаталган үчилтигине байланыштуу жасаган илимий талдоолору, жана адабиятчы А. Жантаевдин ХХ кылымдагы кыргыз адабиятын изилдөөдө баалуулуктук методологияны колдонуу жаатындагы жаңычылилимиймакалаларытүзөт[**Жантаев, А. С.**Основы аксиологии и перспективы её применения в кыргызском литературоведении //Проблемы современной науки и образования. – 2016. - №22 (64). – С.54-56.; Категория ценность как предпосылка аксиологичского исследования литературного

процесса // Проблемы современной науки и образования. – 2016. - №22 (64). – С.56-58. ж.б.].

Бүгүнкү күндө социалдык-гуманитардык илимдердин бардык тармактарында аксиологиянын методологиясы орчундуу орун алууда. Аксиология адам баласынын маданий тажрыйбасын бүт бойдон өзүнүн изилдөөсүнүн объектисине кийирет. Анын ичинде көркөм адабият дүйнөсү, көркөм чыгармачылык ишмердүүлүк, көркөм-адабий туундулар дагы бар. Көркөм-адабий туундуларды алсак, биздин мисалыбызда, Абдулхай Алдашевдин «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү» роман-эсселерин баалуулуктук аспектте изилдөөгө болот, мындай изилдөө автордун жана анын кейипкерлеринин баалуулуктук турумдарын, баалуулуктук аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, иш-аракетин ачууга көмөктөшөт.

**2.3. «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын кыргыз адабиятындагы согуш темасындагы романдар менен окшоштуктары жана айырмачылыктары»,** мында каралып жаткан роман-эсселер кыргыз адабиятындагы согуш темасындагы чыгармалар менен салыштырылып иликтенет. Адегенде дүйнөлүк адабияттын тарыхындагы согуштук тематикада жазылган маанилүү романдар тууралуу кыскача сөз болот. Мисал катары төмөнкү чыгармалар алынат: Эрнест Хемингуэйдин «По ком звонит колокол?» (1940) романы, Ромен Гаринин «Европейское воспитание» (1945) романы, Генрих Бёллдин «Где ты был, Адам?» (1951) романы, Эрих Мария Ремарктын «Время жить и время умирать»(1956) романы, Константин Симоновдун «Живые и мёртвые» (1959-1971) романы, Анатолий Кузнецовдун «Бабий Яр» (1966) романы, Иван Стаднюктун «Война»(1967-1980) романы, Юлиан Семеновдун «Семнадцать мгновений весны» (1969) романы, Юрий Бондаревдин «Берег»(1980) романы, Виктор Астафьевдин «Прокляты и убиты»(1990-1994) романы, Даниил Граниндин «Мой лейтенант» (2011) романы, Джонатан Литтелдин «Благоволительницы» (2006) романы, Лоран Биненин «HHhH» (2009) роман-эссеси, Энтони Доррдун «Весь невидимый нам свет» (2014) романы, Марк Салливандын «Под алыми небесами»(2017) романы ж.б.

Андан кийин кыргыз адабиятындагы согуштук тематикадагы чыгармалар, анын ичинде романдар тууралуу айтылат. Кыргыз адабиятындагы согуш темасындагы маанилүү романдарды («Биздин замандын кишилери» (1949), «Майдан» (1961-1966), «Бороондуу күндөр» (1963), «Күндөр» (1965), «Ачык асман» (1971), «Кылым карытар бир күн» (1980), «Май айынын күкүгү» (1981), «Көкөй кести» (1984), «Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001), «Арман» (2005) ж.б.) салыштыра карай келгенде, эмоциялык-психологиялык маанайы, көркөмдүк-эстетикалык табияты, кан майдандын ырайымсыз бейнесин реалисттик тартуусу жагынан У. Абдукаимовдун «Майдан» романы менен А. Алдашевдин үчилтик роман-эссеси бири-бирине кыйла чукул экенин, алар биринде айтылбай калган идеяларды экинчисинде толуктап тургандыгы менен айырмаланышарын байкоого болот.

**Жыйынтык.** Изилдөөнүн объектисин А. Алдашевдин роман-эсселеринин тексттери, предметин калемгердин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну түзүшөт. Тематикасы Улуу Ата Мекендик согушка арналган, проблематикасы ошол мезгилдеги кыйчалыш жагдайлардын себептерин, Улуу Жеңиштин өбөлгөлөрүн ачуу болуп саналат. Талдоого алынган чыгармалар терең эссеисттик мазмунга ээ. Диссертациянын теориялык-методологиялык базасын эссе теориясына байланыштуу изилдөөлөр, А. Алдашевдин чыгармачылыгына багышталган эмгектер, аксиологиялык аспекттеги айрым макалалар түзүшөт. А. Алдашевдин үчилтиги эмоциялык-психологиялык маанайы боюнча У. Абдукаимовдун «Майдан» романына кыйла чукул экендиги белгиленет.

**«Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинин баалуулуктук мазмуну»**деген аталыштагы үчүнчү бапта роман-эсселердин аксиологиялык мазмуну талданат. Бул бап үч параграфтан турат.

**3.1. «Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде Кудай эң бийик баалуулук катары»** аттуупараграфта калемгердин Кудай тууралуу түшүнүктөрү талданат. Автор катары Абдулхай Алдашевдин дүйнөкөрүмүнүн баалуулуктук негиздерине келе турган болсок, ал өз үчилтигинде эң биринчи эле Жаратканды өтө бийик баалуулук катары карай турганын, Кудайдын ырайымынан үмүт эте турганын, бир гана Аллага ишене турганын билдирет. Мындан биз анын баалуулуктук тутумунда негизги орунду *Жараткан* ээлей турганын билебиз.

Маданияттын өнүгүүсүнүн бийик деңгээлинде Кудай – адамдын идеалы жана анын эң бийик доминанттуу баалуулугу болуп чыгат. Мында жеке жашоо Кудайга багышталса гана ал аң-сезимдүү жашоо сыпатын алат. Ал эми жеке жашоону Кудайга багыштоо дегенибиз – **жакшылык**.

Биз үчилтиктин башкы кейипкери Байсаловдун жүрүм-турумуна, көз караштарына кылдат назар салсак, ал бийик диний маданиятка ээ болгон инсан экенине көзүбүз жетет. Ал, башкысы, каардуу согушта адамдык жүзүн жоготпойт, ачууга, кыжырга алдырбайт, сабыр кылат. Байсалов Кудайды эң бийик дөөлөт катары тутунуп, ага мунаажат кылат, тобо келтирет, жүрөгүндө ага болгон ишенимди өчүрбөй сактайт. Ал согуш талаасындагы сан миндеген өлүктөрдү өз көзү менен көрүп, кыйласы замбирек огуна, бомбага бүркүлүп кетип, жерге көмүлбөй, топурак буюрбай калганына күбө болуп, чын дилинен Кудайга жалынат: «О, Жараткан! Согуш бүткүчө дагы канчабызга ушундай кайгылуу тагдыр буюруп койдуң экен? О, теңирим! Мындай тагдырды менден оолак кыла көр! Энемди, ата-журтумду көрсөтө көр!» [**Алдашев, А.** Жертөлөдө ой толгоо. – Б.,1997. - 114-б.].

Башкы кейипкер Байсаловдун Кудайга байланыштуу айрым ойлору динди туу туткан ортосаар динчилерге таптакыр жакпай турганы айгине. Роман-эсселерден андай саптарды окууруңуз менен буга көзүңүз жетет. Алсак, башкы кейипкер жер үстүндөгү адамзат тукумунун ички карама-каршылыгын башынан эле Кудай өзү түптөп-калыптаганына назарын буруп, дүйнөдөгүнүн баарын жараткан кудуреттүү күч катары адам коомунда болуп жаткан терс

көрүнүштөргө, жаман окуяларга негизги жоопкер Жараткан өзү экенине талдоо жасайт: «Шайтан адамдан мурда жаралгандыгы Бабелде да айтылган, Адам ата, Ава эненин эки уулу: Абыл, Кабылды бири бирине ушактап, кас кылган – шайтан. Шайтандын тилине кирип Кабыл агасы Абылды өлтүргөн да. О-о кудурет! Эң биринчи кишинин тукумдарынын биринчи эле муунунда карама-каршылыкты, келишпестикти өзүң жаратыпсың, бул эмне кылганың? Адамзат ар дайым талашып, кагылышып турсун дегениңби? Мунуң кыянатчылык эмеспи? Биз адамдар кыянатчылыкка кабылганда ар дайым жардам сурап өзүңө кайрылабыз. О-о жараткан, буга эмне демексиң? Кыянаттык шайтандан демексиң. Макул. А шайтанды ким жаратты? Өзүң да! Актыктын, адилеттиктин, калыстыктын, боорукердиктин, мээрдин уясы деги кайда? Биз – адамдар, буларды жараткан да өзүң деп түшүнөбүз. Эгер чын болсо, жыргалды да, кууралды да өзүң жасап, аларды кишилердин төбөсүнө себелеп коюп, мышык-чычкан ойнотуп, кызыгына батыш сенин өнөкөтүңбү? Күнөөкөр болсом, ашык кетсем, Жараткан, өзүң кечирип кой, бирок муну айтпай коё албайм!» [**Алдашев, А.** Жертөлөдө ой толгоо. –Б.,1997. – 142-б.]. Таза эссеисттик маанайдагы ушул ой жүгүртүүдөн көрүнүп тургандай, Байсалов дилинде кудуреттүү Кудай менен кадимки эле карабашыл киши өңдүү мамиле этип, ага өзүн түйшөлткөн суроолорду берип, жайбаракат маектешет. Аны жер жүзүндөгү жаманчылыктардын, пикир келишпестиктердин түпкү себепчиси болгону үчүн айыптайт.

Абдулхай Алдашев атасынын Кудай жөнүндө, дин жөнүндө берген билимдерин көкүрөгүнүн тереңине каттап алган. Ошол себептен, өзүнүн роман-эсселеринде кудурети күчтүү Кудайды өз кейипкеринин ой толгоолорунун башкы субъектисине, анын кыйын-кысталаң кырдаалдардагы маектешине, башкысы, адам турмушундагы бийик баалуулукка айлантып жатат. Автордун бул жосуну да бизге анын чыгармаларын баалуулуктук аспекттен изилдөөгө түрткү болуп отурат.

**3.2. «Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде өмүр-өлүм дихотомиясынын баалуулуктук аспектте сыпатталышы»**деген параграфта роман-эсселерде өмүр-өлүм маселелеринин чагылтылышы каралат. Абдулхай Алдашев өз үчилтигинде *өмүр-өлүм* баалуулуктук дихотомиясына өзгөчө маанилүү орун берет. Ал кан күйгөн каардуу согушка катышкан, өлүмдү тике карап, кан кечкен фронтовик катары, өмүр баалуулугунун адам баласы үчүн мааниси зор экенин, өлүм баалуулугу анын каршысында турарын, экөө дайыма катарлаш жүрүшөрүн, ушул дөөлөттөр адам жашоосунун оң-сол кырларын ачып берерин баалуулуктук аспектте терең ачууга жетишет. Автор байыртадан бери элдик оозеки казынада калыптанган өмүр-өлүм дихотомиясына астейдил маани берип, башкы кейипкери Байсаловдун оозу менен буга карата турмуштук тажрыйбасынан улам чыккан маанилүү тыянак-корутундуларын билдирет.

Алсак, үчилтиктин окуяларынын негизги баяндоочусу Байсалов өмүр-өлүм бетме-бет келген согуштагы татаал учурларда жанындагы шеригиң сырдакана болушу керектигин баса белгилейт: «Өлүм тике маңдай тирешкен мындай шарттарда жанындагың ишенимдүү болсо – өмүрүңдүн сөлөкөтү,

ишенимдүү болбосо – ажалыңдын көлөкөсү дей бер!» [**Алдашев, А.** Жертөлөдө ой толгоо. –Б.,1997. - 14-б.]. Туура, кайнаган казат учурунда жоокерлер бири-бирине эш, дем болушат. Алардын ишеничтүүлүгү, ар дайым арка-бел болуусу жанды сактап калуунун эң башкы өбөлгөсү. Байсалов майдандаш шериктеринин ишенимдүүлүгүнүн аркасында нечен ирет өлүмдөн калганын баян кылат. Кандуу согуш бир эле учурда адам өмүрүнүн кунарын да кетирет, баркын да арттырат. Мисалы, башкы каарман башында жайнаган өлүктөргө көнө албай жүрсө, кийин адам өлүгү ал үчүн көнүмүшкө айланат. Анан мындайча ой толгоолор жүргүзөт: «От үстүндө мөндүрлөгөн октордон аман өмүр сүргөн ар бир күнүбүз кун жеткис олжо эмеспи!» [**Алдашев, А.** Жертөлөдө ой толгоо. –Б.,1997. – 33-б.] ж.б.

**3.3. «Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде жакшылык-жамандык дихотомиясынын баалуулуктук аспекттен ачылышы»,** бул параграфта роман-эсселерде жакшылык-жамандык категорияларынын берилиши сыпатталат.Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылат. Мунун жөнү бар, анткени чыгарма адам өмүрүн чака тыйынча көрбөгөн, адам өлүмү көнүмүшкө айланган кандуу согуш тууросында. Ал эми согуш өзү турушу менен зор жамандык. Алсак, негизги баяндоочу капитан Байсаловдун жертөлөсүнө бир күнү түн ичинде бейтааныш үч офицер кирүүгө уруксат сурайт. Алар ызгаардуу суукта буюгуп, тоңуп, араң эле жандары калган экен. Көрсө, дивизиянын гезитинин кызматкерлери фронттук турмушка ылайык көчүү-конуу алакетинде жүрүп, адашып калышыптыр. Ошентип, Байсалов күтүлбөгөн жерден майор Зильман Маркович Дорфман менен таанышат. Кийин аны менен далай маек куруп, чалмакей түшкөн дүйнөдө жакшы-жаман, ак-кара дегенди ажырата таанууну үйрөнүп, кыйла турмуштук сабактарды алат. Адамга кылган кичинекей жакшылыгынын, суукта тоңуп өлүүдөн сактап калганынын кайрымжысы ошол болот.

Байсалов согуштук кырдаалда адам баласы эң жаман нерсеге да тез көнүп кетерин белгилейт: «…өлүктөрдү биринчи көргөндө акыл-эсимди жоготуп, өпкөм кысылып, жүрөгүм оозуман ыргып кетчүдөй дүпүлдөп, башым айланып окшуган элем… Азыр эмнегедир он эсе тирукмуштуу өлүктөрдү көрсөм да, күндөлүк тиричилик оокаттагы көндүм көрүнүштөй болуп баратат, кудай сактай көр! Чаналарына сылай өлүк жүктөп чубап өтүп аткан солдаттардын кайсы бирөө базарга сатканы отун алып бараткан немеден бетер, зыңкыйган өлүктөрдүн үстүнө балчая олтуруп, буттары менен чананын кашын чирене тээп, тамекисинин түтүнүн бурулдатып, шапалагы менен аттарын тап берип жүгү жөнүндө кабагым, кашым деп койбойт!» [**Алдашев, А.** Жертөлөдө ой толгоо.–Б.,1997. – 31-б.]. Ошентип, адам өлүмү – зор денелик жамандык – согуш учурунда жоокерлерге көнүмүшкө айланат.

Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер – «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», – жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат. Аларда камтылган баалуулуктардын арасынан

Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундуу орун берилет. Бул жагынан алсак, А. Алдашевдин эссеистикасын так ушул баалуулуктук мазмуну өзгөчөлөнтүп турары анык. Демек, изилдөөчүлөр, анын ичинде биз дагы, аталган роман-эсселерди аксиологиялык аспекттен талдоого алуубуз, изилдөөбүз үчүн толук негиздер бар.

**Жыйынтык.** А. Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер – «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», – мазмунунда жалпы адамзаттык оң-терс баалуулуктарды салыштыруу иретинде камтыган терең аксиологиялык мааниге ээ көркөм туундулар экени талашсыз. Бул роман-эсселерде камтылган баалуулуктардын ичинен Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундуу орун берилет. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын так ушул терең баалуулуктук мазмуну согуш темасындагы башка көркөм туундулардан өзгөчөлөнтүп турат. Демек, изилдөөчүлөр, анын ичинде биз дагы, аталган роман-эсселерди аксиологиялык аспекттен талдоого алуубуз, изилдөөбүз үчүн толук илимий негиздер бар.

## ЖЫЙЫНТЫК

Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин, алсак, эссе жанрынын адабият таануудa изилденишин, эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрүнүн адабият таануудан орун-очок алуусун, А. Алдашевдин роман-эсселеринин изилденишин, аларды баалуулуктук аспектте изилдөө зарылдыгы барлыгын, аталган автордун эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөнүн объектиси менен предметин, методологиясын, үчилтик роман-эсселердин баалуулуктук мазмунун изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгара келип, төмөнкүдөй бир катар тыянактарды жасоого болот:

1. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын илимий-теориялык аңдаштырылышы XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулардын эмгектеринде жүргүзүлгөн. Кийин окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө эссе теориясынын жалпы жоболорун ар башка улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонушкан, бул эссе теориясынын андан ары тереңдөөсүнө, күчтөнүүсүнө түрткү болгон.

2. Роман-эссе – бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш,кээ бир изилдөөчүлөр роман-эссени көркөм-документалдуу прозага кийиришет, ал эми көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөт, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр болуп саналат.

3. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасы – «Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001) роман-эсселеринен турган үчилтиги – тийиштүү деңгээлде комплекстүү илимий изилдөөгө, талдоого алынбай турат. Биз анын эссеистикасына арналган эмгектерден залкар адабиятчы К. Асаналиевдин «Эки нардын ортосунда» (1998), «Роман-эссеин

жаралышы» (2002) деген макалаларын, жаш изилдөөчү А. Бешкемпированын «Кыргыз адабиятынын тарыхы» көп томдугунун 7-томундагы «Алдашев Абдулхай» аттуу монографиялык мүнөздөгү портретин (2002), адабиятчы М. Жумаевдин «Жаңы мезгил жана адабият» (2012) аттуу эмгегинин үчүнчү бабындагы роман-эсселерге багышталган бaрактарды, филология илимдеринин доктору, профессор О. Ибраимовдун «История кыргызской литературы ХХ века» деген фундаменталдуу эмгегинин 2-томундагы А. Алдашевдин романдарына арналган барактарды (2013), ф.и.к., адабиятчы Б. Шамшиевдин «Кыргыз согуш прозасынын поэтикасы» аттуу эмгегинин 2-бабындагы «Абдулхай Алдашевдин саясий романындагы эгиз идеология кагылышы» деген параграфты (2015) атай алабыз. Ушул чакан тизме аталган автордун руханий-баалуулуктук, адептик-этикалык мааниси зор үчилтигин изилдөө иши жакшылап колго алына электигин айкын көрсөтөт.

4. Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, изилдөө негизги кейипкер капитан Байсаловдун акыл-оюн, аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой жоруулары, акылынын, алынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Бул биз изилдөө объектисине айланткан роман-эсселер өз тулкусунда чоң баалуулуктук дараметти катып жатышканын күбөлөндүрөт. Автор өзүнүн роман-эсселеринде өздүк рефлексияны да, интерпретацияны да, проблематизацияны да колдонот. Ал башкалардын тажрыйбасына (З. М. Дорфмандын айтып бергендерин) кайрылып, өздүк аңдаштыруу (рефлексия) жасайт, анан аны түшүндүрүп чечмелейт (интерпретация), мындан соң турмуштук процесстерге карата жеке субъективдүү ойлорун, инновациялык тажрыйбасын билдирет (проблематизация). Роман-эсселерде автор өздүк баалуулуктар тутумун, жашоодо кандай баалуулуктарды артык көрөрүн окурманга ачып берет. Демек, анын үчилтик роман-эсселерин баалуулуктук аспекттен изилдөөнүн негиздүүлүгү эч кандай күмөн жаратпайт.

5. Диссертациянын негизги объектисин кыргыздын белгилүү жазуучусу Абдулхай Алдашевдин калеминен жаралган роман-эсселердин – «Жертөлөдө ой толгоонун», «Казат селинденин», «Өх, бүттүкпүнүн» – тексттери түзүшөт. Мындан тышкары, биринчиден, эссе жанрына байланыштуу көптөгөн илимий-теориялык эмгектерди жана, экинчиден, Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнө байланыштуу жазылган азгантай эмгектерди да илимий булак катары пайдаланып, ылайыгына жараша изилдөө объектисине киргизебиз.

6. Изилдөөбүздүн негизги предметин көрүнүктүү жазуучу Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде чагылтылган жана ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар түзүп турат. Абдулхай Алдашевдин чыгармачыл инсаны, турмушта ал тутунган баалуулуктар, анын роман-эсселеринде мына ошол баалуулуктардын көркөм чагылуусу, анын чыгармачылыгындагы эссе жанрдык формасы, анын эссеистикасында камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктар, автордун социалдык-саясий көйгөйлөр боюнча жекече эссеисттик рефлексиясы да изилдөөнүн предметине камтылат.

7. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык базасынорус окумуштуулары-изилдөөчүлөрүнүн, ошондой эле чет элдик окумуштуулар Т. Адорнонун, Г. Гуддун, Д. Друэринин, К. Де Обалдианын, Т. Шевальенин дүйнөлүк адабияттагы эссе теориясына багышталган, эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрү ар тараптуу иликтенген илимий эмгектери, мындан тышкары кыргыз окумуштууларынын Абдулхай Алдашевдин аталган үчилтигине байланыштуу жасаган илимий талдоолору түзөт. Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жактан ишеничтүүлүгү материалды комплекстүү мамиленин негизинде кеңири талдоо менен камсыздалат, анда биографиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама-талдоочулук жана баалуулуктук усулдар айкалыша колдонулат.

8. Автор катары Абдулхай Алдашевдин дүйнөкөрүмүнүн баалуулуктук негиздерине келе турган болсок, ал өз үчилтигинде эң биринчи эле Жаратканды өтө бийик баалуулук катары карай турганын, Кудайдын ырайымынан үмүт эте турганын, бир гана Аллага ишене турганын билдирет. Мындан биз анын баалуулуктук тутумунда негизги орунду Жараткан ээлей турганын билебиз. Буга балачакта атасы ага Кудай, дин жөнүндө билим, тарбия бергени себеп болгон. Ошондуктан автор өзүнүн роман-эсселеринде кудурети күчтүү Кудайды өз кейипкеринин ой толгоолорунун башкы субъектисине, анын кыйын-кысталаң кырдаалдардагы маектешине, башкысы, адам турмушундагы бийик баалуулукка айлантат.

9. Абдулхай Алдашев өз үчилтигинде өмүр-өлүм баалуулуктук дихотомиясына өзгөчө маанилүү орун берет. Ал кан күйгөн каардуу согушка катышкан, өлүмдү тике карап, кан кечкен фронтовик катары, өмүр баалуулугунун адам баласы үчүн мааниси зор экенин, өлүм баалуулугу анын каршысында турарын, экөө дайыма катарлаш жүрүшөрүн, ушул дөөлөттөр адам жашоосунун оң-сол кырларын ачып берерин баалуулуктук аспектте терең ачууга жетишет.

10. Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылат. Мунун жөнү бар, анткени чыгарма адам өмүрүн чака тыйынча көрбөгөн, адам өлүмү көнүмүшкө айланган кандуу согуш туурасында. Ал эми согуш өзү турушу менен зор жамандык.

11. Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер – «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», – жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат. Аларда камтылган баалуулуктардын арасынан Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундуу орун берилет. Бул жагынан алсак, А. Алдашевдин эссеистикасын так ушул баалуулуктук мазмуну өзгөчөлөнтүп турары анык. Демек, изилдөөчүлөр, анын ичинде биз дагы, аталган роман-эсселерди аксиологиялык аспекттен талдоого алуубуз, изилдөөбүз үчүн толук негиздер бар.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар кыргыз адабият таануусунда эссе жанрына тийиштүү көркөм-адабий туундуларды адабият таануучулук мүнөздө изилдөө ишин жандандырууга, аны мындан ары өнүктүрүүгө, күчтөнтүүгө олуттуу өбөлгө, таяныч, түрткү болуп бере алышат.Алсак, келечекте Мукай Элебаевдин «Узак жол» (1936; 1949), Түгөлбай Сыдыкбековдун «Жол» (1982), «Бел-белес» (1996),Кубатбек Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» (1990), «Сүйүүм менин чымчык болуп сага учат» (1990), Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы» (1996), «Тоолор кулаганда» (2008), Өскөн Даникеевдин «Арман» (2005), Аман Саспаевдин «Шашкедеги кара туман» (2012), Шайлообек Дүйшеевдин«Агындылар» (2013, автор өзү роман деп атайт) деген ж.б. романдарды эссеистиканын үлгүсү катары карап, көптөгөн маанилүү жана кызыктуу темаларда аксиологиялык аспекттеги адабият таануучулук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Ошондой эле кыргыз профессионал жазма адабиятында түзүлгөн аңгемелердин, повесттердин арасынан да эссеисттик маанайда жазылгандарын аныктоо ишмердүүлүгүн колго алууга толук мүмкүн. Ушул ж.б. иштер кыргыз адабият таануусунун ареалын кеңейтет, масштабын чоңойтот, анын жаңы багыттарда бутактанып өнүгүүсүнө түрткү, стимул болот.

Айталы, биздин болжолубузда, келечекте кыргыз профессионал жазма адабиятынын үлгүлөрү, кыргыз жазуучуларынын көркөм туундулары боюнча төмөнкүдөй темаларда изилдөөлөрдү жасоого болот:

1. Кыргыз романистикасында эссеисттик багыттын түптөлүшү жана өнүгүшү.

2. Кыргыз прозасындагы повесть жанрында эссеисттик тажрыйбалардын орун алуусу.

3. Кыргыз аңгеме жанрындагы эссеисттик маанайдагы көркөм туундулар.

4. Мукай Элебаевдин «Узак жол» романынын эссеисттик мазмуну.

5. Түгөлбай Сыдыкбековдун эссеисттик тажрыйбалары: «Жол» автобиографиялык романынын, «Бел-белес» роман-эссесинин мисалында.

6. Кубатбек Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» «Сүйүүм менин чымчык болуп сага учат» романдарынын эссеисттик табияты.

7. Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарындагы эссеисттик ой толгоолор.

8. Өскөн Даникеевдин «Арман» роман-эссесинин баалуулуктар тутуму.

9. Аман Саспаевдин «Шашкедеги кара туман» романынын эссеисттик мүнөзү.

10. Шайлообек Дүйшеевдин«Агындылар» эссесинин моралдык-этикалык, руханий-баалуулуктук мазмуну.

Эгер зарылчылык туулса, кыргыз профессионал жазма адабиятындагы эссеисттик мүнөздөгү адабий-көркөм туундулар жөнүндө изилдөөлөрдүн тематикасын мындан дагы байытууга, темаларды мындан дагы арбытууга болот. Жакшылап ойлонсок, кыргыз эссеистикасын изилдөө багытын

өнүктүрүү улуттук илимдеги адабият таануу тармагынын масштабын болуп көрбөгөндөй кеңейтет.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү макалаларда чагылдырылган:**

**1. Токтомаметова, Ж. А.** Ценностное значение эссеистической трилогии А. Алдашева[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //Инновационные тенденции развития российской науки. Материалы VIII Международной научно-практической конференции молодых ученых. – Красноярск, 2015. – С.381-384.

**2. Токтомаметова, Ж. А.** «Жер төлөдө ой толгоо» роман-эссесинин баалуулуктук мазмуну[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //II Халыкаралык түрки алеми зерттеулери симпозиумы материалдары. I том. 20-22 мамыр.– Алматы, 2015.– 513-517-б.

**3. Токтомаметова, Ж. А.** Эссеистическая манера изложения в романе «Думы в блиндаже» А. Алдашева[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //Проблемы лингвистики, методики обучения иностранным языкам и литературоведения в свете межкультурной коммуникации. Материалы I Международной научно-практической Интернет-конференции. 14-16 апреля 2016 г. – Орел, 2016. – С.256-260.https://elibrary.ru/download/elibrary_26414030_58542764.pdf

**4. Токтомаметова, Ж. А.** Капитан Байсалов тутунган баалуулуктар[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. – 2016. – №4.– 223-225-б.

**5. Токтомаметова, Ж. А.** Эссе жанрынын калыптануусу жөнүндө[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. – 2018. – №2.–36-41-б.

**6. Токтомаметова, Ж. А.** Азыркы адабият таануудагы эссе жанрынын орду[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. – 2018. – №2.– 41-48-б.

**7. Токтомаметова, Ж. А.** Описание в ценностном аспекте в романах-эссе Абдулхая Алдашева дихотомии жизни и смерти[Текст] / Ж. А. Токтомаметова, А. С. Жантаев // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. Научный электронный альманах. – 2018. – № 3 (15). – С.19-20. https://elibrary.ru/download/elibrary_36767924_76850106.pdf

**8. Токтомаметова, Ж. А.** Методология ценностного исследования эссеистикиАбдулхая Алдашева[Текст] / Ж. А. Токтомаметова // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. Научный электронный альманах. – 2018. – № 3 (15). – С.21-23.https://elibrary.ru/download/elibrary_36767925_31373574.pdf

**9. Токтомаметова, Ж. А.** Раскрытие в ценностном аспекте дихотомии добро и зло в романах-эссе Абдулхая Алдашева[Текст] / Ж. А. Токтомаметова //Духовная ситуация времени. Россия XXI век. Электронный журнал. – 2018. – №3. – С.6-8. https://elibrary.ru/download/elibrary_36518237_71052071.pdf

**10. Токтомаметова, Ж. А.** Бог в качестве наивысшей ценности в романах-эссе Абдулхая Алдашева[Текст] / Ж. А. Токтомаметова, А. С. Жантаев

// Духовная ситуация времени. Россия XXI век. Электронный журнал. – 2018. – №3. – С.5-7. https://elibrary.ru/download/elibrary_37041167_97688424.pdf

**Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну» деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:**Абдулхай Алдашев,баалуулуктук изилдөө,баалуулуктук мазмун, роман-эссе, эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм.

**Изилдөөнүн объектиси:**Абдулхай Алдашевдин калеминен жаралган роман-эсселердин – «Жертөлөдө ой толгоонун», «Казат селинденин», «Өх, бүттүкпүнүн» – негизги, канондук тексттери.

**Изилдөөнүн предмети:**Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде сыпатталган, ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар.

**Изилдөөнүн максаты:**Абдулхай Алдашевдин документалдуу трилогиясынын («Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001)) материалында анын эссеистикасынын баалуулуктук мазмунуна комплекстүү талдоо берүү.

**Изилдөөнүн усулдары:**Аксиологиянын категорияларын айкалыштыруу менен адабият таануунун тарыхый-адабий, салыштырма-тарыхый, теориялык усулдары колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жаңычылдыгы:**Иштин жаңычылдыгын анда Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөө алгач ирет жүргүзүлгөндүгү түзүп турат. Мындан тышкары, темага байланыштуу адабият таануу илиминдеги эссе теориясынын калыптануусу жана өнүгүүсү ырааттуу талдоого алынат.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациянын материалдарын кыргыз адабият таануусу боюнча изилдөөлөр жүргүзүүдө, ЖОЖдордо жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуу процессинде колдонуу сунуш кылынат.

**Колдонуу чөйрөсү:** илимий изилдөөлөр аймагы, ЖОЖдордо жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде практикалык билим берүү.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Токтомаметовой Жазгул Асылбековны на тему: «Ценностное содержание эссеистики Абдулхая Алдашева» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова:**Абдулхай Алдашев, роман-эссе, ценностное исследование, ценностное содержание, эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм.

**Объект исследования:**Основные, канонические тексты романов, сотворенных Абдулхаем Алдашевым – «Думы в блиндаже», «В потоке войны», «Ух, закончили наконец».

**Предмет исследования:**Ценностное содержание эссеистики Абдулхая Алдашева, общечеловесческие ценности, описанные, раскрытые в романах-эссе, входящие в трилогию.

**Цель исследования:**Проведение комплексного анализа на основе материала документальной трилогии Абдулхая Алдашева («Думы в блиндаже» (1997), «В потоке войны» (1998), «Ух, закончили наконец» (2001)).

**Методы исследования:**Были использованы историко-литературный, сравнительно-исторический, теоретический методы литературоведения в сочетании с категориями аксиологии.

**Новизна результатов исследования:**Новизна исследовании заключается в том, что в ней впервые проведено исследование ценностного содержания эссеистики Абдулхая Алдашева. Кроме этого, в связи с темой последовательно анализируется формирование и развитие теории эссе в литературоведческой науке.

**Рекомендации по использованию:** материалы диссертации рекомендуются к использованию в проведении исследований по кыргызкому литературоведению, в учебном процессе вузов и общеобразовательных средних школ.

**Область применения:** сфера научных исследований, практическое образование в вузах и общеобразовательных средних школах.

## SUMMARY

**Toktomemetova Zhazgul Asylbekovna's dissertation on the topic: "The value content of the essays by Abdulkhai Aldashev" for the degree of Candidate of Philology in specialty 10.01.01 - Kyrgyz literature**

**Keywords:** Abdulkhay Aldashev, essay, essay, essay, essayism, novel-essay, value research, value content.

**The volume of research:** The main canonical texts of the novels created by Abdulkhaj Aldashev - “Dumas in the dugout”, “In the stream of war”, “Wow, finally finished”.

**Subject of research:** The value content of the essays by Abdulkhaya Aldashev, human values described, disclosed in the essay novels included in the trilogy.

**Objective:** To conduct a comprehensive analysis based on the material of the documentary trilogy by Abdulkhai Aldashev (“Dumas in the dugout” (1997), “In the flow of war” (1998), “Uh, finally finished” (2001)).

**Research methods:** Historical-literary, comparative-historical, theoretical methods of literary criticism were used in combination with categories of axiology.

**The novelty of the research results:** The novelty of the study lies in the fact that it was the first to study the value content of the essays by Abdulhai Aldashev. In addition, in connection with the topic, the formation and development of the theory of essay in literary scholarship is consistently analyzed.

**Recommendations for use:** dissertation materials are recommended for use in conducting research on Kyrgyz literature, in the educational process of universities and secondary schools.

**Scope:** field of research, practical education in universities and secondary schools.